

*Аалиева Н. К.,*
*Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты*

**Постсоветтик интеллигенция арасында расмий желекке жана эстеликтеликтерге карата айтылган пикирлердин куңгөй-тескейи**

Макалада постсоветтик жана кыргыз интеллигенция арасында мамлекеттин расмий желегине жана эстеликтерге карата айтылган оң жана терс пикирлер чагылдырылган. Кээ бир мамлекеттердин **желеги кызыл түстө** болсо да, алар прогресс жолунда экендигине карабастан, **кыргыздар** тарабынан **желектин кызыл түсү** адамдардын төгүлгөн **канынын түсү** сымал кабыл алынып жатканы, желектеги нур чачыраган күн **көз карандылыктын символу** болгон **күн карамага** окшош болуп калганы тууралуу көз караштар жана башка мамлекеттердин атрибуттарында эмнелер чагылдырылганы айтылган.

Мындан сырткары, белгилүү скульптор ***Т. Садыковго*** таандык **эркиндикти** туюнткан эстеликке жана ***Эжен Делакруанын «Элди ээрчиткен Эркиндик»*** чыгармасына карата пикирлер айтылуу менен кыргыздардын этникалык стереотиптери боюнча Кыргыз **эркиндикти** аял сымал элестетпегени айтылган.

1992-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын парламенти тарабынан ***кызыл түстөгү****, чок ортосуна* ***нур чачыраган алтын түндүк*** жайгаштырылган ***мамлекеттик желек*** *расмий кабыл алынды*. Эгемендиктин 20 жыл ичинде бул желекке көнүп да калдык. Бул желек алдыда ***маңдай жарылган жетишкендиктер*** менен ***ийгиликтер*** да, ***мүңкүрөткөн кайгы-муң, азаптар*** да болду..

Бирок, **Homo sapiens** дайыма жана баардыгынан шектене бергенди жактырган **жандык** экени баарыбызга маалым. Этникалык кайра жаралуу процесси активдүү жүрүп жаткан мезгилде **постсоветтик республикаларда**, алардын ичинде, **кыргыздарда** да **мамлекеттин желек** гана эмес, **расмий атрибуттардын башкаларына** карата бир катар скептикалуу көз караштар калыптана баштаган.

2005, 2010-жылдары **Кыргыз Республикасында** болуп өткөн **саясий окуялардан** соң кыргыздарда 1992-жылдын 3-мартында туура чечим кабыл алдыкпы деген суроонун тегеретесинде Кыргыз Республукасынын мамлекеттик желегине карата да төмөнкүдөй карама-каршы пикирлер да жаралган Тилекке каршы, илимий адабиятта ар кыл **түстөрдүн касиеттери** тууралуу маалыматтар дээрлик жокко эсе. **Кытайдын, Түркиянын, Вьетнамдын** ж.б. мамлекеттердин **желеги кызыл түстө** болсо да, алар прогресс жолунда экендигине карабастан, **кыргыздар** тарабынан **желектин кызыл түсү** адамдардын төгүлгөн **канынын түсү** сымал кабыл алынып жатканы бекеринен эместир. Анткени, ар кандай маданияттарда колдонулган **түстөрдүн айкалышы** да кескин айырмалуу. Чоочун маданияттагы **түстөрдүн айкалышы, оймо-чиймелер** башка маданияттын өкүлдөрү үчүн **ашкере ачык,** же **күңүрт** түрдө **оң,** же **терс** кабыл алынышы мүмкүн.

Кыргыздын эң коркунучтуу каргышы **«Түндүгүң өрттөнсүн!»** эле. Орустар **«Как назовешь корабль, так и он поплывет»,** - дегендей, желекте **түндүктүн өрттөнгөнү** жакшы жышаан эмес.

Желектеги нур чачыраган күн ***көз карандылыктын символу*** болгон ***күн карамага*** окшош. Бул эмне, ***Кыргызстан - күн карама өлкө*** дегенди билдиреби?

1863-жылы Россия империясына каршы чыккан **поляк көтөрүлүшчүлөрүнүн** желеги ак-кызыл-көк тилкелерден турган. **Гитлер** тарабынан Чехиянын аймагында түзүлгөн **Богемия** жана **Моравия протектораттарынын** расмий желеги да ак-кызыл-көк тилкелерден турган.

**Тарых барактары** Россия мамлекети ак-кызыл-көк тилкелерден турган желектин алдында **жеңиштерге** караганда **жеңилүү ызасына** арбын кириптер болгонун тастыктайт. Мисалы, орус-швед согушу маалында **Нарванын алдындагы алгачкы салгылашка** орустар эмнегедир дал ушул **желек** менен жоого аттанып, **Петр I** баштан кечирген **алгачкы жеңилүү ызасын** өмүр бою эсинен чыгарган эмес.

**Орус-япон согушу** да дал ушул **желектин** астында болгон. **Дүйнөлүк биринчи согушка** да Россия дал ушул **желек** менен аттанган. Ушул **желектин** астында Россия **падышасынан баш тарткан**. Бул **желек** астында **ак гвардия** салгылашып, акыр аягында большевиктерге багынып берген ж.б. [Караңыз: 5.].

Бирок, жогорудагы *көз караштардын ээлери* болгон ***кыргыз улутундагы*** *скептиктердин* ***сөздөрү*** кыска, ***ойлору*** мокок, ***аргументтери*** дээрлик жокко эсе. Колдо тийген *жазуу* жана *оозеки материалдарга* таянуу менен бул *тематиканын* тегеретесинде ой жүгүрткөнгө аракет жасап көрөлү.

Жогоруда айтылгандай, «Манас» эпосунда **мамлекеттин расмий атрибуттарын** чагылдырган **туу, желек, асаба, байрак** ж.б. аталыштагы бир нече түшүнүктөр бар. Ошолордун маани-маңызын эске албастан эле кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги эл арасында бир топ суроолорду туудурууда.

Кыргыздардын «Манас» эпосунда сыпатталган желегинин элементтерин академик А. Ч. Какеев мындайча чечмелейт [Караңыз: 1.]: Расмий түрдө ***Манас баатырдын туусу кызыл түстө болгон*** деп айтылууда. Эпоско кайрылсак, байыркы кыргыздар ***«туу»*** деп орус тилинде ***«древко»*** деп аталган ***жыгач таякты*** атаган. Сырты сыйрылган жыгач таяк булганбас үчүн аны ***кызыл түстөгү жошо*** менен жошолошкон. Туу желбиребейт, ал жерге сайылат. Кызыл туугa ***көк асаба*** илинген. ***Асабаны*** орусча ***«полотнище»*** дейт. Демек, мамлекеттик атрибут ***кызыл*** эмес, ***көк түстөгү чүпүрөктөн*** даярдалган. Мамлекеттик белги *салтанаттуу, көрктүү* болсун үчүн ***туу*** менен ***асаба*** бириккен жогорку капталга ***алтын түстүү байрак*** (орусча ***«бунчук»***) илинген. Туунун жогорку чокусуна *найзанын учу* сымал сайылган *учтуу элемент -* ***«желек» («наконечник»)*** тагылган.

Ал эми заманбап Россия Федерациясынын позитивдүү деп табылган расмий желеги кандай болууга тийиш? Жогоруда айтылгандай, ***Петр I*** *орус кемелери* үчүн ***ар кыл желектерди*** иштеп чыкканы менен, эмнегедир ал ***Россиянын расмий желегин*** бекиткен эмес. ***Россиянын расмий желеги*** 1858-жылы 11-июнда ***падыша Александр II*** тарабынан бекитилип, ал *горизонталдуу тартипте* жайгашкан ***кара*** (эң үстүнкүсү), ***сары*** (ортоңкусу) жана ***ак,*** же ***күмүш*** (астыңкысы) *тилкелерден* турган. Алгачкы ***эки тилкенин түсү*** *падыша Павел I* тарабынан бекитилген ***орус гербиндеги*** *сары фондогу кара шумкардын* ***түстөрүнө*** дал келет. Ал эми ***ак,*** же ***күмүш тилке*** *Улуу Петр* менен *Екатерина IIнин гербдерине*, о.э. *Москва шаарынын гербинин түсүнө* туура келет. Мындан сырткары, бул ***түстөр*** *Россиянын кара топурагын, алтын* жана *күмүш кендерин* символдойт.

Бул Россиянын чыныгы, нукура империялык желеги болгон. Бул желектин астында Россия крепостнойлук укукту жоюу менен демократиялык реформаларды ишке ашырып, орустун алтын рублына негизделген экономикалык прогрессти, колониалдык жеңиштерди башынан кечирген. Алгач Москва падышасынын штандарты катары пайда болгон бул желек азыр Россия Федерациясынын Президентинин штандарты катары жашап келет.

*«Манас» эпосунда* **кыргыз эли** *курама журт, курама* эл экени баса көрсөтүлүп айтылат. Дүйнөлүк тарых күбөлөгөндөй, дүйнөдө *бир эле атадан* тараган бир да эл жок. Ар бир адам *ата* менен *энеге* ээ болгон сыяктуу бардык этностор *2 же андан көп* ар кыл этноско таандык болгон ата-бабадан тараган. ***Элдин эс-тутумунда*** чагылган жана бекем сакталып калган *тарыхый окуялар, фольклористика, жөө жомоктор, жомоктор, ула-*

*мыштар, ырлар* ж.б. ырастагандай, элибиз *байыркы замандагы монгол тектүү, түрк тектүү, индоевропалык* ж.б. элдерге, ал тургай, *мистикалык керемет күчтөргө* таандык уруулардын аралашмасынан пайда болгон. *Байыркы индиялык мифологияга* таяна турган болсок, анда адамзат ***Ману (Манас)*** деп аталган ***түпкү атадан*** тараган. Демек, *кыргыздар,* чындыгында эле, ***Манас атадан*** тараган ***эң байыркы эл***.

«Руханияттын табияты мнемониялуу. **Мнемоника** (грекчеден mnèmmoniká – эс тутум жана thèchne – өнөр) – эске тутууну жеңилдетип, жасалма жол менен жаралган ассоциациялардын жардамы аркасында эс тутумдун көлөмүн чоңойтууга жардам берген ыкмалар менен каражаттардын жыйындысы [3. – С. 742.]. Бул болсо руханият материалдуу нерсеге айланат, кайрадан жаратылат жана социалдык да, жеке да эс-тутум аркылуу берилет дегенди туюнтат. Ошондуктан, эс-тутумдун жоголушу руханияттын жоголушуна тең маанилеш» [2. – С. 90.]. Жеңилген элдер өз **дөөлөттөрү** менен **уникалдуу баалуулуктарынан** айрылуу аркылуу **манкуртка** айланып, **улут** катары жиксиз жоголуп кетүү менен коштолгон мындай терс феномендерди **байыркы** жана **жаңы тарыхтын мисалдарынан** арбын кездештирүүгө болот. Баа жеткис дөөлөттөр менен баалуулуктардан куралган маданий өз алдынчалуулук **адамды** ар тараптан өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, **ар бир элдин** калың катмары менен адамдар тобунун башын бириктирет, аларды өткөн тарыхтан калган **мурастардан** күч-кубат алууга, башка маданияттардын **эң мыкты үлгүлөрүн** өздөштүрүүгө, **өз маданиятын** алардын эсебинен өнүктүрүүгө жана анын натыйжасында **өздүк өнүгүү процессин** алга сүрөөгө мажбурлайт. Мисалы, 2011-жылдын июль айында Ала-Тоо аянтынан белгилүү скульптор Т. Садыковго таандык **эркиндикти** туюнткан эстелик **Батышка** таандык түшүнүмдөргө таянылган **автордун идеясы** менен **кыргыздардын менталитетине** таандык этникалык стереотиптердин ортосундагы төмөнкүдөй **карама-каршылыктардан** улам алынылып салынган [Караңыз: 1.]: кыргыздардын этникалык стереотиптери боюнча Кыргыз **эркиндикти** аял сымал элестетпейт. **Эркиндик** болуп **көчмөн турмуштун** өзү саналган. Чындыгында эле, көпчүлүк изилдөөчүлөр белгилегендей, **индивиддин** курчап дүйнө менен **таттуу мамиледе** болгон **чыныгы, нукура эркиндиги** көчмөндөргө гана мүнөздүү болгон [6. – С. 211.].

Жумуртка басып олтурган бул **аялдын кебете-кешпири** качып кеткен президент А. Акаевдин аялы **М. Акаеваны** эске салып турат. Дегеле, дүйнөлүк философия менен искусстводо **жумуртка** эркек адамдын **табигый спецификасын** туюнткан **символ** болгондуктан, **«өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип»,** далысына канат чаптап, чачын кыркып, төшүн чыгарып, этегин түргөн аял **эркиндикти** эмес, **ээнбашты** чагылдырат. Кыргызда эч качан **аял** түндүк көтөрбөйт, түндүктү **эркек** гана көтөрөт. Бул **аял жаман жорукту** баштап, **кыргызда түндүк көтөрчү эркек кырылып, калбай калганын** билдиргенсийт.

Ал эми Эжен Делакруа, «Элди ээрчиткен эркиндик» жана батыш менталитетиндеги эркиндиктин элеси катары символдойт. XIX кылымдын 20-жылдары Франция үчүн ***романтикалык искусство*** калыптанган мезгил болгон. Жаш сүрөтчүлөр өз устаттарына ***чыныгы согушту*** жарыялашат. *Тарыхчылар* бул феноменди ***«романтикалык кармаш»*** деп атап, анын *каармандары* болуп *сүрөтчү* ***Эжен Фердинанд Виктор Делакруа*** (1798-1863) эсептелген.

**Делакруа** тарыхый драмага кайрылып, 1830-жылы **«Элди ээрчиткен Эркиндик» («Свобода, ведущая народ»)** деп аталган **улуу чыгармасын** жаратат: көчөдөгү кармаштардын эпизодуна сүрөтчү убакыттан сырткары жашаган **эпикалык маанай** тартуулаган. Көтөрүшчүлөр королдун аскерлеринен тартып алган **баррикаданы** карай жөнөөдө. Аларды **Эркиндик айым** өзү ээрчитип бара жатат. **Сынчылар** чачы кыска, жарым жылаңач, көкүрөгү жалжая ачылган бул аялдан **«көчөдөгү соодагер келин менен байыркы грек кудай айымынын аралашмасын»** көрүшкөн.

Чындыгында эле, *сүрөтчү* өз *каарманына* азыр Лувр музейинде сакталып турган ***«Афродита Милосскаянын»*** *келбети* менен революцияны даңктап ырдаган француз акыны *Огюст Барбьенин* ***Эркиндикти*** сүрөттөгөн төмөнкүдөй *мүнөздөмөсүн* ыйгарган:

«Бул ***көрктүү көкүрөккө ээ, үнү каргылданган, көздөрүнөн от жанган, тез, кеңири кадамдарды жасаган күчтүү аял***». Эркиндик айым ***оң колуна*** *Француз Республикасынын үч түстүү желегин* көтөрүп, *усталар, аскерлер, буржуа, чоңдар, балдар* ж.б. ***куралдуу элди*** ээрчитип келе жатат. Азыр алардын баардыгы тең ***Эркиндик айымдын жоокерлери*** [Караңыз: 1. ].

**Колдонулган адабияттар:**

1. *Аалиева Г. К.* Улуттук мүнөз жана коомдогу саясий жаңжалдар: тарыхый тажрыйба жана бүгүнкү күндүн стереотиптери // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – Бишкек, 2011. - № 8
2. *Бакиева Г. А.* Психология познания // Социальная память и ее роль в развитии культуры и общества. - Бишкек, 2001. – С. 90.
3. Большой энциклопедический словарь / Под редакцией А. М. Прохорова. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия»; СПб.: «Норинт», 1998.
4. Искусство. Энциклопедия для детей. – Ч. 2. – Т. 7.
5. *Мединский В.* О русском пьянстве, лени и жестокости. Серия «Мифы о России – 1». – М., 2010.
6. *Стамова Р.* Культура и номадическая личность // Культурное наследие и народное творчество. – Бишкек, 2006. – С. 211.